DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

*Ирсалиева Н.А., Амираева Л.А.*

# КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК ИСКУССТВОСУНУН КЕСИПТИК БАГЫТТАГЫ ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕГИ ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

*Ирсалиева Н.А., Амираева Л.А.*

# МЕСТО ПРИКЛАДНОГО ИСКУССТВА В ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ

*N. Irsalieva, L. Amiraeva*

# ART IN THE EDUCATIONAL PROCESS PLACE OF CRAFTS

*УДК: 745/749*

*Макалада искусство багыты боюнча кененирээк түшүнүк берилип, элдик чыгармачылыкты үйрөнүү, эстетикалык жактан калыптанган билимдүү инсанды тарбиялап чыгаруу жана көркөм чыгармачылыктын деңгээлин көтөрүү, өнүктүрүү, окуу процессинде жүзөгө ашыруу иштери каралды. Искусство – бул көркөм чыгармачылык, ал дүйнө таанымында көркөм образдар аркылуу элестетүү, адмзаттын руханий маданияты менен чыгармачылыктын маанилүү элементи. Искусство адамзат коому менен кошо өнүгүп, анын материалдык өсүшүн чагылдырат. Элдик искусстводо реалдуулукту жөн эле чагылдырып койбостон, инсандын, чеберлердин дүйнөгө болгон көз карашын таанып-билинүүчү предметтерди жаратылыштагы, адамдын жашоосундагы реалдуу кубулуштарды көркөм образдардын жардамы аркылуу түшүрөт. Эл чеберлеринин иштеринде көркөм декордун формалары жаныбарлардын, канаттуулардын, өсүмдүктөр дүйнөсү жана абстракциялык, символикалык ой-туюмдары менен чагылдырган. Кыргыз элинин уз-усталары өнөрдү баалай-барктай билишкен, мына ошол жагдайда улуттук маданиятыбыз, жашоо тиричилигибиз көрктөндүрүлүп, элдик кол өнөрчүлүк уламдан-улам жаныланып өркүндөп өсүп келүүдө. Кыргыз чеберлеринин чыгармачылык мектеби өз алдынчалыгы, кайталангыстыгы менен айырмаланат. Ошондой болсо да алар элдик жасалга өнөрдүн көркөм салттарынан жана тажрыйбаларынан топтолгон ыкмалары өнөрдүн көп түрдүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша калыптанган. Ал кичинекей көрүнүштөн көркөмдүк ойду, эстетикалык олуттуулуктагы фантазиянын таасирдүү күчүн таап, көркөм-идеялуулуктагы мазмундуулукка жеткире алышкан. Чеберлер өрдүн кайсыл гана тармагы болбосун өздөрүнүн талант-дареметин ойлоп тапкычтыгынын негизинде эң сонун чыгармаларын жаратышып, аларды коөздоодогу шайкештиктерди сезе билүүлөрүнүн эстетикалык натыйжасы көрсөтө алган. Ар бир жасалга буюм бирин-бирине окшошпой түркүн түзүлүштөгү көркөм көчөт-декор менен улуттук мүнөздү өзүндө камтыган колорити жана стили аркылуу жасалгаланып, бүтүндөй бир элдин коөздук дүйнөсүн, көркөм маданиятын элестетет. Искусствонун түрлөрүн замандын талабына ылайыкташтырып үйрөтүү бүгүнкү күндүн талабы. Кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү аркылуу, жаштарды билим, өнөргө тартып, чыгармачылык ыкмаларын байытуу жана өз өнөрлөрүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.*

***Негизги сөздөр:*** *искусство, кол өнөрчүлүк, ишмердүүлүк, баалуулук, элдик искусство, таанып-билүү, билим.*

*В статье дается более детальное представление о направлении искусства, изучении народного творчества, воспитании образованного человекас эстетическим чувством, повышении уровня художественного творчества, его развитии и внедрении в образовательный процесс. Искусство – художественное творчество, оно является важным элементом духовной культуры и творчества человека, воображения через художественные образы в мировоззрении. Искусство развивается вместе с человеческим обществом и отражает его материальный рост. Народное искусство не просто отражает действительность, ни и через художественные образы изображает взгляд человека. В произведениях народных мастеров ормы художественного декора представлены миром животных, птиц, растений и абстрактными, символическими идеями. Мастера-ремесленники кыргызского народа умели ценить искусство, и в этой ситуации украсилась наша национальная культура и быт, а народные ремесла все больше обновляются и совершенствуются. Творческая школа кыргызских мастеров отличается своей независимостью и уникальностью. Однако они формируются на основе художественных традиций и опыта народного творчества, а их методы формируются с учетом особенностей многообразия искусства. Он сумел в маленькой сцене найти художественную идею, впечатляющую силу воображения в эстетической серьезности и довести ее до художественно-идеального содержания. Мастера любой отрасли ткачества могли создать лучшие произведения, опираясь на своего умения чувствовать гармонию в ихдекорировании. Каждое декоративное изделие украшено уникальным художественным растительным декором, кол оритом и стилем, включающим в себя национальный характер и олицетворяющим мир красоты и художественной культуры целого народа. Обучение формам искусства в соответствии с потребностями времени-требование сегодняшнего дня. Через развитие ремесел оно привликает молдежь к образованию и искусству, обогощает творческие методы и способствует совершенствованию ее навыков.*

***Ключевые слова:*** *искусство, ремесло, деятельность, значение, народное искусство, знания, познания.*

*The article gives a more detailed idea of the direction of art, the study of folk art, the education of an educated person with an aesthetic sense, increasing the level of artistic creativity, its development and implementation in the educational process. Art is artistic creativity; it is an important element of spiritual culture and human creativity, imagination through artistic images in the worldview. Art develops along with human society and reflects its material growth. Folk art not only reflects, reality, but also depicts a person's view through artistic images. In the works of folk craftsmen, forms of artistic decoration re represented by the world of animals, birds, plants and abstract, symbolic ideas. The master craftsmen of the Kyrgyz people how to appreciate art, and in this situation our national culture and way of life became embellished, and folk crafts are increasingly updated and improved. The Tvorse school of Kyrgyz masters is distinguished by its independence and uniqueness. However, they are formed on the basis of artistic traditions and the experience of folk art, and their methods are formed taking into account the diversity of art. He managed to find an artistic idea in small scene, an impressive power of imagination in aesthetic seriousness and bring it to artistic and ideal content. Masters of and branch of weaving could create the best works,*

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*relying on their ability to feel harmony in their decoration. Each decorative product is decorated with a unique artistic floral decoration, color and style, with a national character and personifies the world of beauty and artistic culture of an entire people. Teaching art forms according to the needs of the times is the requirement of today. Through the development of crafts, it attracts young people to education and art, enriches creative methods and helps to improve their skills.*

***Key words:*** *art, craft, activity, meaning, folk art, knowledge, knowledge.*

Окутуу процесси инсанга билим жана тарбия берүү процесси аркылуу окууга болгон көз карашын калыптандырып, сапаттуу билим алууга түрткү берет. Белгилүү бир иш-аракетке зарыл болгон билимдерди жана көндүмдөрдүн болушу адамдын эмгек процессине байланыштуу болот.

Кыргыз элинин байыртадан бери аздектеп, урпактарга сактап келе жаткан өз маданияты салты жалпы эле жашоо образы азыркы ааламдашуунун шартында этно маданияттын актуалдуулугу артууда. Колунан көөрү төгүлгөн уз чеберлердин кол өнөрчүлөрдүн эмгектеринен жаралаган буюмдар, үй ичин көрктөндүрүү менен кана тим болбостон, түстөрдөн түзүлгөн ыргактардай, сулуугугу менен пайдалуулугун айкалыштырып көрсөтөт. Ар кандай кооздукта жаралган буюм тайымдар оймо чиймелер, саймалар көргөн адамды кубандырат.

Кыргыз элинин тээ илгертеден эле кол өнөрчүлүгү жашоо образына ылайыктап, эстетикалык табитти өстүрүп, өнүктүрүп келген. Уз чеберлердин колунан жаралган кийим кечектер, жашоого керектелген буюмдар, негизи эки булакка таянып өткөн, биринчиси элдик турмуш шартынан жана чарбачылыгына, ал эми экинчиси эстетикалык ыкка, турмуштук керектөөлөргө ыкталып кабыл алынган бөлөк элдик булактан келип чыккан. Мындан тышкары кийим кечени же буюм тайымдын башка кошуна элдер менен болгон соода сатык мамилелер жана диний көз караштар да маданиятыбызга өз таасирин тийгизген. Кыргыз элинин руханий маданиятындай эле материалдык маданияттын байыркы сүрөттөрү, «Ак-Чункур» жана аска бериндеги сүрөттөр, «Саймалуу-Таш» чопо, карапалар элдик кол өнөрчүлүктүн башаттары да өтө терең. Бул чыгармачылык өнөр элдерин тиричилиги, турмуш шарты менен тыгыз байланышып, элдин байыркы маданиятын, мүнөзүн жана руханий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн чагылдырат.

Кол өнөрчүлүк – улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү. Кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлөгү тээ илгертеден бери муундан-муунга мурас катары өтүп келе жаткан руханий жана материалдык маданиятыбыз деп айтсак болот. Калк казынасында сакталып калган көркөм чеберчиликти көрсөткөн искусство жана кооздугу, ажардуулугу менен кана айырмаланбастан, ошол сулуулукту күндөлүк турмушта пайдалануучу буюм катарында да каралат [1, 45-б.].

Адам жакшы сапаттарды курчап турган чөйрөнүн таасири аркылуу алып, аларга практикалык иш-аракет процессинде ээ болорун белгилей кетүү талапка ылайыктуу. Эмгек адамзат жашоосунун эң зарыл, олуттуу компоненти болуп саналат. Махмуд Кашкаринин пикири боюнча, «эмгек эч качан өлбөйт» [6, 96-б.]. Адамдардын турмушуна пайда алып келген эмгек гана баалуу деп каралган. Инсан байлыгына, социалдык абалына эмес, пайдалуу эмгек жасаганына карап бааланат.

Эстетикалык сезимди өстүрүүдө декоративдик-колдонмо искусствону пайдаланууга чоң маани берилип келген. Маселенин теориясын иштеп чыгууда А.В. Бабушкинский зор салым кошкон. Декоративдик-колдонмо искусство боюнча билимдердин негизги максаты катары «татаал процесстерде ички образды айырмалап билүүнү жана көркөм байлыктардын сырткы дүйнөсүн чыгармачылык менен таанып-билүүсүн» эсептеген [3, 106-б.].

Көркөмдүүлүктүн жана практикалык зарылдыктын эриш-аркак байланышы идеялык-көркөмдүк жана коомдук-практикалык функциялардын ажырагыс биримдигин түзөт. Адам өзүнүн практикалык иш-аракетинде өзүнө пайдалуу буюмдарды жасоо менен ошол эле убакта табиятты таанып - билет, анын аң-сезими чыныгы дүйнөнүн мыйзамдарына сүңгүп кире баштайт. Адамдын иш-аракети канчалык ар тараптуу болсо, анын өзүнүн жан дүйнөсү да ошончолук бай болот.

Этностун руханий маданиятынын улуттук өздүк мүнөзү көп кылымдык тарыхый өнүгүү процессинде калыптанган. Кыргыз көркөм маданияты тарыхый өнүгүүнүн узак эволюциясын чагылдыруу катары этностук спецификага ээ экендигин көрсөткөн. Ал улуттук дүйнө карашты жана курчап турган объективдүү реалдуулукту таанууну өзгөчөлүктөрүн, мүнөзүн, элдин тарыхын көркөм формада чагылдыруу катары өзгөчө орунда турат. Мындай чыгармаларда руханий кооздуктун идеалы камтылган. Ал кыргыз мурастарынын муундан-муунга берилишинин азыркы абалын анализдөөдө глобалдык процесстеги маданий өнүгүүгө таасир тийгизүүчү кыргыз маданиятынын уникалдуулугун жана анын менталдык системадагы өзгөчөлүктөрүн терең чагылдырган.

Жасалга-колдонмо искусство эмгек процесстери, кол эмгеги менен тыгыз байланышкан. Эмгек процесси нерселердин формаларынын түзүлүш мыйзам ченемдүүлүгү, алардын бөлүкчөлөрүнүн кооздугу тууралуу маалымат алууга жана ар кандай түстөрдүн түрлөрү менен таанышууга зор мүмкүндүк жаратат.

Акыркы мезгилдерде адамзат ааламдашуу процесси менен шартталган терең трансформацияларга дуушар болууда, бул жагдай искусствого анын коом-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



дук жашоодогу жана ар бир адамзат турмушундагы ролуна белгилүү таасирин тийгизбей коё албайт, мындай абал адамдын жана коомдун негиздери, коом жана инсан менен байланышкан бардык жагдайлар туралуу ой жүгүртүүгө мажбурлайт.

Н.Чернышевскийдин пикири боюнча, искусство бир гана кооздукту чагылдырбайт, «кооз нерселердин баары эле чыгарма» деп эсептеле бербейт [7, 61-б.]. Белгилүү болгондой, сезим социалдык жана эстетикалык болуп бөлүнөт. Сезимдердин негизинде гана айлана-чөйрөдөгү бардык кооздуктарды жана адамдын ички руханий сулуулугун сезе алабыз. Мындай сезимдер келечекке карата багытталган ишенимдүүлүктү, кайраттуулукту бекемдеп, көркөм ишмердүүлүктүн жана башка сезимдердин андан ары өнүгүүсүнө алып келет. Эстетикалык сезим – бул кооздукту, сулуулукту сезүү. Кооздук эстетикалуулуктун маңызы адамдын аң - сезиминдеги дүйнөнүн материалдык болмушунун универсалдуу формасынын бири болуп саналат.

И. Канттын пикири боюнча, «кооздук – бул эстетикалык баалоонун предмети, эгерде бизде түшүнүк болбосо, эч нерсени таанып-биле албайбыз, түшүнүк гана объективдүүлүктү так таанып-билүүгө мүмкүндүк берет, башкача айтканда, ишке аша турган мүмкүнчүлүктөр үчүн пайдалуу кубулуш болот» [5, 80-б.].

Искусствого тарбиялоонун негизинде инсандын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнө чоң жардам берет, ошону менен бирге көркөм өнөр эң чоң агартуучулук потенциалга ээ. Ошондуктан искусствонун таанып-билүүчүлүк жана тарбиялык функцияларын бөлүп кароого болбойт. Искусство чыгармалары аркылуу алынган билимдер негизги маселе болуп эсептелет. Андагы таанып-билүү дайыма эмоция менен тыгыз байланышкан. Молдо Кылычтын чыгармачылыгында кыргыз жеринин кубулуштары толук баяндалып, табият көрүнүштөрү анын ырларында конкреттүүлүгү жана көркөмдүүлүгү менен айырмаланып турат.

Искусствонун эң жогорку мааниси – гумандуу, адеп-ахлактуу адамды калыптандыруу. Адеп-ахлактык, гумандык багыт көркөм өнөрдө негизги багыты болгонуна карабастан, башка бардык кубулуштар сыяктуу эле искусстводо да карама-каршылыктуу тенденциялар бар. Адеп-ахлаксыз искусство адамзаттын тарыхында сый-урматка ээ боло албайт, дүйнөлүк искусствонун шедеврлери болуп адеп-ахлактык идеяларды чагылдырган эмгектер каралса, алардын авторлору чыныгы талант катары бааланат. В. Белинский «бир гана талант чыгармаларда адеп-ахлактуу болушу мүмкүн» деп айткан [4, 198-б.].

Адамда кооздук, көтөрүңкүлүк, трагедиялуулук, комикалык (коркунучтуу, көрксүз) сыяктуу жогорку сезимдер өнүксө, анда алар анын ар тараптуу жетишкен инсан экендигин кабарлайт. Көркөм өнөр мындай сапаттарды өнүктүрүп, калыптандырууга өбөлгө түзөт. Демек, искусство адам маданиятынын өз ара байланыштарын, сезимдерин көрсөтүп берет. Эстетикалык билим адамдарды каражат катары эмес, максат иретиндеги мамилени бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Реалдуулукту эстетикалык өздөштүрүү адамдарда көтөрүңкүлүк феноменин калыптандырат.

Искусствонун негизги мазмуну болуп кооздук, көтөрүңкүлүк сыяктуу түшүнүктөрдү чагылдырган эстетикалык тажрыйба эсептелет. Эстетикалык аң-сезим адамдын реалдуулукка карата активдүү чыгармачыл мамилеси аркылуу калыптанат. Эстетикалык жактан өнүккөн инсан катары көркөм билимдерге ээ болгон, реалдуулукту баалай алган, коомдук ишмердүүлүктө өнүккөн кооз жагдайларды өздөштүргөн адамды айтууга болот.

Искусствонун милдети – коомдук мамилелердин маңызын, мазмунун көркөмдөп ачып берүү, жандуу адамдык мүнөздөрдү сүрөттөө, ошону менен катар, бул инсанды социалдык баалуулуктун, гумандуулуктун чегинде кароо менен бирге социумду чагылдырат, адамдын адебин, кулк-мүнөзүн изилдеп, моралдык оң принциптердин бекемделишине жардам берип, терс көрүнүштөрдү четке кагат. Искусство адамга ар тараптуу таасир тийгизип, инсандын ички дүйнөсүн таптакыр түп-тамырынан бери калыптандырып, тарбиялайт, башкача айтканда, ал жөн гана тарбиялап тим болбостон, гумандуулукка чакырат. Бул жерде искусствонун инсанга болгон жалпы гумандуу таасиринин эмоционалдык-образдуу спецификасына да кыскача токтолуп кетүүгө болот. «Искусство дүйнөсү» эмоция менен бирге адамдын ички дүйнөсүнө, анын рухуна терең кирип, эс-акылы менен сезимине сиңип, бул дүйнөнү системалаштырат, жалпылаштырат жана анын инсанга тийгизген таасирин жалпыга таркатат [2, 98-б.]. Искусствонун адамга кандай таасир бере тургандыгын түшүнүү үчүн инсандын маңызын терең билүү керек. Чындыгында, адам өзүнүн ишмердүүлүк ыкмалары аркылуу нерселердин, кубулуштардын, мамилелердин идеалдуу жана реалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн чагылдыра алат. Адамдын чыгармачылык ыкмалары, интеллектиси, эмоционалдык чөйрөсү, эске тутуусу, мүнөзү, ишеними, нравалык жана дүйнөгө болгон көз караштык багыттары, маданий маселелери, руханий кызыкчылыктары, муктаждыктары универсалдуу жана кайталангыс болуп саналат.

Искусство жана кол өнөрчүлүктү окутуу программасында материалдарды окуп үйрөнүүдө студенттердин жетишкендиктери окутуунун функциясынан, окутуунун усулунан жана ыкмаларынан гана көз каранды болбостон, окуу процессин уюштуруу формаларынан да көз каранды. Студенттер окуу материалын сабак өтүлүп жаткан мезгилде өздөштүрөт. Мугалим тарабынан берилген материал, ошол сабактын

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өзүндө өз алдынча иштөөнүн ар башка түрлөрү менен айкалышып, материалды ар кандай жолдор менен өздөштүрүп, жыйынтыгы текшерүү жолу менен ишке ашырылат.

Студенттер теориялык билимдерди терең түшүнгөнгө чейин эч кандай көнүгүлөрдү, иш аракеттерди жасай албоосу маалым. Алар эң алгач кандайдыр бир билген билимине таянып, ошол билимдин негизинде бир нерсе аткаруу, өздөштүрүлгөн билимдерди практикада колдонуу аркылуу билгичтик көндүмдөргө ээ болот. Ошондуктар ар бир мугалим окуу ишмердүүлүгүн ишке ашырууда студенттердин билгичтиктерин калыптандырусу зарыл. Антпесе сабактын негизги максаты болгон жаңы билимдерди өздөштүрүү студенттер үчүн да кыйынчылыктарды туудурат.

Инсанды окутуп тарбиялоодо мугалим өз кесибинин адиси болууга тийиш. Ар бир мугалим сүрөтчү искусствонун ичинде жаткан терең сырларын окуп билүү менен бирге, ал маани-мазмундар ааламын өздөштүргөн болуусу керек. «Искусствонун ансамбльдик обондору менен ааламдын кудай берген кудуреттүү күчтөрүнүн обондору ар түрдүү искусствонун өзөктүк маанисинин ортосунда туруу менен ар бир кичинекей болуп көрүнгөн кандайдыр бир чыгарманын терендигиндеги мазмуну менен аалам сырлары жана күчтөрү байланышып тураарын түшүндүргөн мамилелерди символдоштурат» [8, 238-б.] Мугалим ошол мезгилдин агымына жараша студенттердин ар түрдүү ыкмалар менен окууга болгон жөндөмүн кызыгуусун арттырып, андан ары билимин өркүндөтүүгө жоопкерчиликти алат. Өз кесибинин тармагында окутуунун жаңы методдорун, формаларын, жыңы идеяларды ойлоп таап, аны тынымсыз өркүндөтүп туруу зарыл. Заманбап педагогдун өзгөчөлүгү мына ушунда. Ошондуктан мугалимдер сабакка болгон кызыгууну, студенттердин активдүү билим алуусу үчүн изденип, улам жаны пайда болгон технологиялар боюнча маалымат алып, окутуу процессин жакшыртып, түрдүү ыкмаларды пайдалануу аркылуу замандын талабына жараша окутуу керек.

Студенттердин активдүүлүгү жана алардын окууга болгон кызыгуусу өзүнөн өзү эле пайда болбойт. Ал мугалим демилге берип, ар кандай ыкмаларды чыгармачылык менен пайдаланып, ошондой эле мугалим тарабынан ар кандай табылгалар менен кошумчалап, чеберчилигин көрсөтсө гана натыйжа берет. Ошондо гана студенттердин чыгармачылык жактан өнүгүп, алардын ойлоп табуусун өстүрүп, изилдөөчүлүк сапаттарын жогорулатат.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу. Кыргыздардын кол өнөрчүлүгү. – Бишкек, 1996. – 45-б.
2. Антипина К.И. Народное декоративно - прикладное искусство киргизов. / Редакторы: С.В. Иванов. - М.: Наука 1968. – 98-б.
3. Бабушкинский А.В. Художественное творчество и воспитание [Текст] / А.В. Бабушкинский. - М.: Новая Москва, 1925. – 420 б.
4. Белинский В.Г. Полное собрание сочинений [Текст]: в 13-ти томах. / В.Г. Белинский. – М.: Изд-во АН СССР, 1953. – Т.1: Статьи и рецензии. Художественное произведение. 1829-1835. – 574 б.
5. Кант И. О форме и принципах чувственного и интеллигибельного мира [Текст] / И. Кант // Собр. соч. в 8 т. – М.: 1994. – Т. 2. – 89-б.
6. Кашкари М. Дивану лугат ат-тюрк [Текст]: 3 т. / Махмуд Кашгари. – Ташкент: УзССР, 1963. – 3-т. – 460 б.
7. Чернышевский, Н. Статьи по эстетике [Текст] / Н.Чернышевский. – М.: Соцэкгиз,1938. – 316 б.
8. Закиров У.А. Философские ценности, появившиеся в западноевропейском искусстве в XVIII-XIX веках. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 9. С. 236-239.